# Эгерде…



Автор: Мира Кокоева

Которгон: Талгат Деркембаев

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

# Эгерде…

Автор: Мира Кокоева
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


*А что, если …*, Copyright © 2023, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
«Эгерде…» (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева,
которгон Талгат Деркембаев,
сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.



Өзүң сүйгөн ишти баштасаң кандай болот? Мисалы, үйдө болгон топчуларды кол баштыгыңа, баш кийимиңе, шымыңа же сүрөттөргө кадап алсаң, кандай болор эле!

Топчулардан табак жасаса да болот. Албетте, тамак салына турган да. Бүт дүйнө топчудан болсо! Анда баары шаңдуу жана аркандай түстө болмок.



Эгерде ак шекер ширеси менен таттуу токочторду, шоколадды, боткону, жада калса, кашыкты коздоп, анан жесең, кандай болмок?

Албетте, баары таптаттуу болмок да!

Эгерде буюмдарга экинчи өмүр тартууласа, кандай болот? Желим бөтөлкөлөрдөн гүлдөрдү жана гүл салгычтарды жасаса болот. Чоң эненин эски сандыгын жаңы шкаф кылып, жаңыртса болот..

Газета жана картондон майда-барат сактоого ылайык стилдүү кутуларды жасаса болот. Буюмдардын баарын өз колубуз менен жасап алсак, жакшы болмок.



Джинсылардан шорты, көйнөк тигип алса болот. Кийимдерди кайра оңдоп чыгып, өзүңө-өзүң дизайнер болсоң болот.

Буюмдарды кайра жасап чыгуу укмуш да. Сен дайыма трендде болосуң!





Эски китепти кафе, дүкөн, китепкана сыяктуу коомдук жайларга калтырып кетсе эмне болот?

Кимдир бирөө аны окуп, башкалар да окусун деп ордуна өзүнүн китебин калтырып кетет.

Бардыгы окурман болуп чыга келишет!



Эгерде видеоролик тартып баштаса кандай болот? Досторуңа сага кызык болгон нерселерди айтып, билгениңди бөлүшсөң болот.


Анда актер, бийчи же укмуш көркөм сүйлөп, оратор болуп кетишиң мүмкүн.





Эгерде башка шаарлардагы тааныш эмес адамдарга каалоо-тилек жазып жиберсең, кандай болот? Анда башка өлкөлөрдөн укмуш жерлер тартылган сүрөттөрү бар каалоо-тилегин алышың мүмкүн..

Австралиядан каалоо-тилек жазылган кат алуу укмуш эмеспи!



Жакшы ишти азыр эле жасап баштасаң болот. Апаңа үй жумуштарына жардам бер. Атаң үтүктү оңдоп жатса, кармалашып жардам кыл. Көчөгө чыгып, гүлдөрдү сугар же үйдүн жанындагы таштандыларды жыйнап кой.

Өз дүйнөңдү кызыктуу жана жарык кылуу эмнеге болбосун!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли